**УДК 371**

## АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫН МЕДИК-СТУДЕНТТЕРГЕ ОКУТУУ ЫКМАЛАРЫ

**Болотова А.Б.**
**И.К.Ахунбаев атындагы КММА**
aidanabolotova55@gmail.com

**Аннотация.** *Акындар поэзиясын окуп, алардын ырларын жаттап, көнүгүүлөрдү аткаруу менен студенттер так сүйлөөгө, тилин жатыктырууга, акыл-эстин тунук болушуна, сезимталдыкка, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө жана турмушту терең аңдап билүүгө үйрөнө алышат. Ошол себептен, төкмө жана жазгыч акындардын чыгармаларын студент-медиктерге окутууда кыргыз тилинин табиятын түшүнүүгө, сөз байлыктарын кеңейтүүгө, түшүнгөнүн көркөм баяндоого үйрөтүү жагдайларын эске алышыбыз керек. Бул макалада студенттерге акындар поэзиясынын кээ бир өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынып, окутуунун заманбап усулдары сунушталган.*

**Негизги сөздөр***: акындар поэзиясы, окутуу***,** *медик-студенттер, төкмө акын, жазгыч акын, лекция усулу, интерактивдүү окутуу.*

## СПОСОБЫ ОБУЧЕНИЯ ПОЭЗИИ СТУДЕНТОВ - МЕДИКОВ

**Болотова А.Б.**
**КГМА им. И.К.Ахунбаева**

**Аннотация.** *Читая поэзию поэтов, заучивая их стихи, выполняя упражнения, студенты научатся четко разговаривать, выработать навыки правильного произношения, ума и чувствительности, научатся различать хорошее от плохого и глубоко понимать жизнь. По этой причине, знакомя студентов-медиков с произведениями «төкмө» и «жазгыч» акынов должны учитывать особенности кыргызского языка, развитие речи и художественно излагать прочитанное. В этой статье были изучены особенности поэзии поэтов и предложены современные методы обучения.*

**Ключевые слова:** *поэзия поэтов, учебный процесс, медики-студенты, поэт-импровизатор, поэт "жазгыч", метод лекции, интерактивное обучение.*

## METHODS OF LEARNING POETRY FOR MEDICAL STUDENTS

**Bolotova A.B.**
**KSMA named after I.K. Akhunbaev**

**Abstract.** *Reading the poetry of poets, memorizing their poems, do exercises, students will learn to speak clearly, develop the skills of correct pronunciation, intelligence and sensitivity, learn to distinguish good from bad and deeply understand life. For this reason, introducing medical students to the works of "tөkmө" and "zhazgych" akyns, they should take into account the peculiarities of the Kyrgyz language, the development of speech and artistically present what they read. In this article, the features of poetry of poets were studied and modern teaching methods were proposed.*

**Keywords:** *poet-improviser, songwriter, studying process, poetry, oral creativity, lecture method, interactive learning.*

**Киришүү.** Медик студенттерге кыргыз элинин эчен жылдардан бери калыптанган акындар поэзиясын окутпай коюуга мүмкүн эмес. Алар акындардын, төкмө акындардын ырлары аркылуу сезимталдыкка, турмушту тереңден таанып, ак менен караны ажырата билүүгө үйрөнө алышат.

Акындар поэзиясы кыргыз классикалык поэзиясынын бир бөлүгү катары кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгы менен тыгыз байланышта өнүгүп келген. Поэтикалык чыгармаларын басымдуу комуз жана башка да музыкалык аспаптардын коштоосу менен аткарган төкмө акындар фольклорду үйрөнүп, андагы сюжеттерди

чыгармачылык менен кайрадан иштеп чыгышкан. Эл акындарына эс тутумдуулук, турмушту терең билгендик, сезимталдык, куюлуштуруп кыябы менен ыкчам сөз таап, аларды ыр кылып төгүүчүлүк мүнөздүү[1:3].

Акындар поэзиясынын бирден-бир өзгөчөлүгү – баарынан мурда анын жекеликтүүлүгү, өз алдынчалуу уникалдуу кубулуш экендиги. Бирок, тилекке каршы, кыргыздардын кылымдар бою жазмасы, басмасы болбогонунан улам элдин арасынан чыккан не бир таланттуу акындардын чыгармаларынын далайы биздин күнгө жетпей, унутта калып, алардын айрымдары тууралуу гана үзүл-кесил маалыматтар бар. Кыргыз жеринде совет бийлиги орноп, социализм курула баштагандандан тарта биринчи иретте элдин кат-сабатына көңүл бурулду. Натыйжада улуттук жазма, басма сөз, басылмалар пайда болду. Дал ушундай мурда болуп көрбөгөндөй маданий өзгөрүүлөрдөн кийин акындар поэзиясы өзүнүн поэтикалык тагдырын түп-тамырынан бери өзгөрттү. Байыркыдан тарта оозеки түрдө гана өнүгүп-өөрчүп келген акындык поэзия эми кагаз бетине да түшүрүлүп, китеп болуп жарыялануу мүмкүнчүлүгүн алды. Дал ушул социалдык-коомдук, маданий-тарыхый бурулуштун натыйжасында Арстанбек менен Калыгулдун, Токтогул менен Жеңижоктун жана башкалардын ысымдары сакталып, алар жараткан поэзия кыргыз элинин рухий байлыгынын маанилүү бөлүгүн түзүп калды. Аталган акындардын ар бири өз алдынча, жекече поэтикалык кубулуш экени чыгарманын көркөмдүк түзүлүшүнөн, дүйнөгө, турмушка, адамга, жаратылышка болгон өздүк мамилелеринен ачык эле көрүнүп турат. Ошондой эле мында буларды төкмө акын катары бириктирип турган жалпы бир өзгөчөлүк, касиет-сапат бар, ал – салттуу, кылымдардан бери муундан-муунга өтүп келе жаткан төкмөлүк жаратмандыктын бийик эстетикасы, көркөмдүгү, барк-баасы [7:9].

Кыргыз жана казак элдеринде поэтикалык чыгармаларын импровизация – төкмөлүк негизде жараткан инсандарды акын деп аташат. Акындын мындагы уникалдуу чыгармачылык өзгөчөлүгү ырды эч кандай даярдыксыз, дароо, оозеки түрдө жараткандыгында жатат.

Импровизация – (improvisus) күтүүсүз, атайын даярдыксыз дегенди билдирет. Мында акындын көркөм поэтикалык чыгарманы күтпөгөн жерден, аткаруу учурунда капыстан шыдыр жаратуу өнөрү көзгө урунат. Поэтикалык чыгарма ушунда эч кандай алдын ала даярдыксыз эле чукугандай сөз тапкычтык табигый таланттын, кесиптик дасыгуунун натыйжасында пайда болот. Импровизация басымдуу музыка, бий искусствосуна, театр, анан, сөзсүз, көркөм сөз өнөрүнө, тактап айтканда, дайым сөздү барктап баалай билген жомокчу, жамакчы, нускоочу ырчы-акындарга мүнөздүү. Алардын ыр жаратуудагы чыгармачылык кудурети төкмөчүлүк деп таамай аталган. Импровизация өнөрүн Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет, Эсенаман, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл сыяктуу эл ырчылары көркөм бийиктикке жеткирип, ал салтты Э.Турсуналиев, Т.Тыныбеков, Т.Абдиев, З.Үсөнбаевдер улантышты. Заманбап кыргыз поэзиясына да төкмөлүк өнөрдү аркалаган жаштар Э.Иманалиев, Ж.Токтобеков, А.Кутманалиев, Майра Керим кызы, А.Нуралиев, А.Болгонбаев, А.Туткучев, И.Айдаркулова ж.б. келүүдө [4:7].

Кыргыз элдик оозеки адабиятында импровизациялык поэзиянын эң ири өкүлдөрү катары улуу Токтогул Сатылгановду, Барпы Алыкуловду, Жеңижок Өтө уулун, Калык Акыевди, Алымкул Үсөнбаевди, Осмонкул Бөлөбалаевди ж.б. атап кетүүгө болот. Алар чыгармаларын комуздун коштоосунда (Барпыдан башкасы) алдын ала даярдыксыз аткарышкан.

Жогорудагы аталган акындардын ичинен медик студенттерге окуу программасында жана өз алдынча иштеринде Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок, Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо сыяктуу төкмө жана жазгыч акындар окутулат. Булардин ар бирине окуу программасында эки сааттан бөлүнгөн.

Төкмө жана жазгыч акындардын чыгармачылыктарын студент-медиктерге окутууда интерактивдүү лекция усулу колдонулганы ылайык. Белгилүү болгондой, интерактивдүү лекция усулу лекция-баарлашуу, лекция-дискуссия, айкын кырдаалдарды талдоо менен лекция, алдын ала пландаштырылган каталар менен лекция, лекция-пресс-конференция, мини-лекция амал-ыкмаларын ичине камтыйт. Төмөндө булардын ар бирине кыскача болсо да өз-өзүнчө кайрыла кетүү зарылдыгы бар. Карайлы.

**Лекция-баарлашуу же аудитория менен болгон диалог** студенттерди окуу процессине жигердүү тартуунун көбүрөөк кеңири таралган жана салыштырмалуу жөнөкөй формасы болуп эсептелинет. Бул лекция-сабак окутуучунун аудитория менен түздөн-түз алака-катышта болуусун көңүлгө алат. Лекция-баарлашуунун артыкчылыктуу жагы студенттердин дитин теманын көбүрөөк маанилүү маселелерине буруuга, жаңы окуу материалынын мазмунун жана көлөмүн өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныктап-тактап алуусуна мүмкүнчүлүк берет.

**Лекция-дискуссия.** Лекция-баарлашуудан айырмаланып, мында окутуучу лекциялык материал менен тааныштырууда өзүнүн суроолоруна жоопторду алуу менен эле чектелбейт, логикалык бөлүмдөр арасындагы тынымдарда пикирлердин эркин алмашуусун уюштурат.

**Айкын кырдаалдарды талдоо менен лекция.** Бул лекция бир караганда лекция-дискуссияга окшоп кетет, бирок бул жолкуда окутуучу талкуулоого суроолорду эмес, айкын бир кырдаалды алып чыгат. Адатта мындай кырдаал оозеки түрдө түзүлөт. Андыктан ал болушунча кыска түзүлүп, талкуулоо үчүн жетиштүү маанилүү, көйгөйлүү маселени алып чыгышы керек.

**Алдын ала пландаштырылган каталар менен лекция.** Лекцияны өткөрүүнүн бул түрү сабак студенттерде окуу процессиндеги кырдаалды ыкчам талдоого алуу билгичтиктерин, эксперттердин, оппоненттердин, рецензенттердин ролунда сүйлөп чыгууну, күмөндүү жана так эмес маалыматтарды көрө билүүнү өнүктүрүү үчүн иштелген.

**Лекция-пресс-конференция.** Интерактивдүү лекция-сабактын бул түрү төмөндөгүдөй өз алдынчалуулуктары менен катар кадимки пресс-конференцияны эске салат. Мында окутуучу лекция-сабактын темасын атайт жана студенттерден бул тема боюнча суроолорун жазуу жүзүндө берүүлөрүн өтүнөт. Аудиториядагы ар бир студент 2–3 мүнөт ичинде каралып жаткан тема боюнча өзүн көбүрөөк кызыктырган суроолорду кагазга жазып, окутуучуга бериши керек. Окутуучу 3–4 мүнөт аралыгында келип түшкөн суроолорду маңыздык мазмуну боюнча иреттештирет жана лекция-баянын айтып баштайт [3:6].

Лекциялык материалдын алып чыгылышы келип түшкөн суроолорго айкын, так жоопторудун тизмеги катары эмес, теманын ар тараптуу ачылышы түрүндө алып барылат, ал эми тийиштүү жооптору бул окутуу процессинин жүрүшүндө түзүлүп калыптанат. Лекция-баянын аяктап жатып окутуучу берилген суроолордун жыйынтык бааланышын студенттердин алган билим-деринин жана кызыгууларынын чагылдырылышы катары алып чыгат [5].

**Мини-лекция** сабак маалында теориялык материалды алып чыгуунун натыйжалуу формаларынын бири болуп эсептелинет. Аны баштоонун алдында өтүлчү темага байланыштырып тийиштүү суроолордун жардамы менен ой калчоо же ролдук оюн жагдайын түзүүнү жүргүзсө болот, бул каралчу окуу материалын актуалдаштырууга, студенттердин темага карата маалыматтуулугу деңгээлин жана мамилесин аныктап-тактоого мүмкүндүк берет. Окуу материалы студенттерди өзүнө тарта алгыдай болуп курулуп, жетимдүү тил менен алып чыгылат. Ар бир адабий-теориялык терминге кыска, так аныктама берилиши керек. Теорияны «жалпыдан жекеге өтүү», тактап айтсак,

чыгармадан жандуу мисалдар менен бекемдөө принцибинде чечмелеп бергени ылайык. Кийинки суроого өтөрдүн алдында айтылганды жыйынтыктоо менен, окутуучу студенттер материалды туура түшүнүп кабылдаганына ынанганы зарыл.

Жогоруда белгилеп кеткенибиздей, төкмө акындардан алгач Калыгул Бай уулу менен Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыктары окуп-үйрөнүлөт. Мында окуучулардын көңүлүн эң биринчи эле «Калыгулдун сөзү» ырына буруу кажет. Калыгул ырында адамдардын пейили бузулуп, «аганы ини, атаны бала укпай калган заман келерин эскертет. Мунун баарын ал орустун келиши менен байланыштырды.

Калыгулдун «Акыр заман» казалында «ага-тууган сыйлашпай, аганын сөзүн ини укпай, пейил бузулган заман келери айтылат. Анын «конушу такыр, чөбү жок, ташка конот деп айткан, элдин нурку бузулуп, акча болот деп айткан» деген саптары барып-келип коомдун пейили бузулганы – акыр замандын жакындаганын тымызын далилдеп тургансыйт».

Арстанбектин чыгармачылыгынан жалгыз «Тар заман» казалын окуп үйрөнүү жетиштүү. «Тар заман» идеясы, мазмуну жагынан Калыгулдун «Акыр заманын» кайталап, «ага окшош болгондуктан, кээде аларды ажырата билүү кыйынга турат. Калыгул да, Арстанбек да өздөрүнүн казалдарында XIX кылымдын орто чендеринде кыргыз жергесине падышалык Россиянын оторчул саясаты акырындан орун-очок алып келе жатканына терс мамиледе экенин билдиришкен».

Кийинки лекция сабактарында Калыгул менен Арстанбекке удаа эле Токтогул Сатылгановдун, Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыктары окуп үйрөнүлөт. Лекция-сабагынын жүрүшүндө адабиятты окутуунун азыркы заманбап талаптарына ылайык жеке эле окутуучу сүйлөй бербей, жаңы материалды өздөштүрүү ишине студенттерди да тартып, темага байланыштуу кандайдыр аларды жандандырган, өтүлүп жаткан сабакка деген жекече чыгармачылык активдүүлүктөрүн арттырган суроолорду берүү керек. Мисалы, Т.Сатылганов үчүн төмөндөгүдөй:

Токтогулдун жаштайынан комузга, ырга шыктуулугу эмнеден көрүндү? Ички жөндөмүнүн ойгонушуна кимдердин таасири тийди?

Буга чейин акындын кайсы чыгармаларын окуп же уктуңар эле? Ал чыгарма силерге эмнеси менен жакты?

Эми Жеңижок (Өтө) Көкө уулуна келсек, ал жаш кезинде жетимчиликтин азабын көп тартканы, жакшы адамдардын ага карата гумандуу, боорукер мамилелеринин аркасында курсагы тоюнуп, кийими бүтөлүп, молдого окуп кат тааныганы, акырындап ырчылыкка шыгы ойгонуп, айтышта айтылуу Нурмолдо ырчыны жеңип, Жеңижок атанганы тууралуу айтылат [5].

Жазгыч акындар Молдо Кылыч менен Тоголок Молдонун чыгармачылыктарын үйрөнүүдө интерактивдүү лекция-баарлашуу же аудитория менен болгон диалог усулыкмасы пайдаланылганы ылайык.

**Жыйынтык**: Төкмө жана жазгыч акындардын чыгармачылыктарын студент-медиктерге окутуп-үйрөтүүдө аларга кыргыз тилин үйрөтүү, кыргыз тилинде сүйлөп, түшүнгөнүн көркөм баяндоого көнүктүрүү жагдайлары эске алынганы кажет.

## АДАБИЯТТАР:


1. Алымов Б. Тандалган эмгектер. – Б.: КУУ, 2012, 784-б.
2. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1976, 232-б.

3. Кан-Калик В.А., Хазан В.И. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе. – М.: Просвещение, 1988, 256-с.
4. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Б.: Турар, 2013, 554-б.
5. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Б., 2020, 560-б.
6. Сосновская И.В. Методика преподавания литературы в современной школе: монография. – Иркутск: Изд-во ВСГАО, 2016, 307-б.
7. Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу. – Б.: Кыргызстан–Сорос фонду, 1996, 36-б.
8. Турдугулов А., Оторбаев Б. Кыргыз адабияты. 8-класс үчүн окуу китеби. – Б., 2020, 400-б.
9. Кебекова Б. «Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери» I-китеп.- “Турар”, - Б.: 2009, 48-б.

**РЕЦЕНЗЕНТ**:

п.и.к., доцент Абдырасулова Э.К., И.К. Ахунбаев атындагы КММА